№ 2 педагогикалык
кеңешменин чечими
менен каралды.
«15» 11 2021-ж.

Бекитемин
мектеп директору: ________
Сарытаева Д. Т.
«16» 11 2021-ж

# Токтогул атындагы №6 орто мектебинде предметтик жумалыкты уюштуруу жөнүндө Жобо.

**1.Жалпы жобо.**

1. Мектептин предметик жумалары жыл сайын методикалык бирикмелер жана кафедралар тарабынан методикалык жана илимий-методикалык иштердин планынын чегинде мугалимдердин профессионалдык компотенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча жана окуучулардын таануу жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында өткөрүлөт.

2. Предметтик жумалыктын милдеттери:

- Мугалимдердин пофессионалдык чеберчилигин көтөрүү; ачык сабактарды, сабактан тышкаркы иш чараларды даярдап, уюштуруп чыгармачылык менен изденип өткөрүүсүн өркүндөтүү.
- Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишкердүүлүккө кызыктыруу; алардын өтүлүп жаткан окуу процесстеринин иш активдүүлүгүнө болгон кызыкчылыктарын жогорулатуу.
- Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бар жана белгилүү бир окуу тартибин же билим областын терендетип окуганга умтулган окуучуларды алып чыгуу.

**П.Предметтик жумалыктын уюштурулушу жана өткөрүлүү тартиби**

- Предметтик жумалык мектептин жылдык иш планы боюнча өткөрүлөт.
- Предметтик жумалыкты өткөрүү планы мектептин директору тарабынан өткөрүлгөнгө чейин эки жумадан кеч эмес убакытта бекитилет.

- Предметтик жуманын уюштуруучулары болуп методикалык бирикме же кафедра эсептелет. Методикалык бирикме жумалыкка карата предметтик мугалимдердин даярдыгы боюнча кеңеш өткөрөт.
- Предметтик жумалыктын катышуучулары :
  - Предметтик жумалык кайсы предметтер боюнча өткөрүлсө, ошол предметтерди окуткан мугалимдердин бардыгы ;
  - Ошол предметти окуп жаткан окуучулар тартылат ;
- Предметтик жумалыктын чегинде өткөрүлүүчү иштер :

  -Предметтик олимпиадалар.

  -Предмет боюнча традициялуу эмес сабактар,

  -Предмет боюнча окуган параллель класстар арасында өткөрүлүүчү мелдештер,
- Предметтик жумалык мектептин билдирүү тактайчаларына илинген маалымматтар булагы менен толукталып турушу ;
- Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча көрсөтмөлүү дубал газеталар жана көрсөтмөлөрдүн (выставка) уюштурулушу ;
- Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча жума ичинде эң мыкты өтүлгөн сабактар жана класстан тышкаркы иштер боюнча иш алып барган мугалимдер мактоо баракчаларына жана сыйлоолорго көрсөтүлүшү;
- Предметтик жуманын ичинде эң мыкты аткарылган окуучулардын эмгектери жана жазылган иштери райондук билим берүү мекемелерине чейин көрсөтүлүшү ;
- Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча методикалык бирикмеде жыйынтыкталып анализделип, чогулуштун протоколуна жазылып киргизилиши;
- Предметтик жуманын жыйынтыгы боюнча усулдук башчысы мектептин илимий-методикалык иштер боюнча директордун орун басарына төмөнкү иш кагаздарды тапшыруусу каралат :

  -предметтик жуманын планы,

  -предметтик олимпиадалардын өтүлүү пландары, -жыйынтык чогулушунун протоколу.

  -сабактардын иштелмелери жана класстан тышкаркы иштердин план сценарийлери, предметтик жуманын жыйынтык анализи.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**<br>**Токтогул атындагы №6 орто мектеби** | | **МИНИСЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**<br>**Средняя школа №6 им.Токтогула** |

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы педагогикалык кеңешинин № 2 протоколунан көчүрмө**

**15.11.2021-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Төрайымы: Сарытаева Д.Т.**

**Катчы: Кадырова Н.**

**Катышкан мугалимдердин саны: 33**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

5. **Предметтик жумалыкты уюштуруу жөнүндө Жобо менен тааныштыруу**

**Угулду:**

**5-маселе** боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Разакова токтолду:

Ар бир окуу жыл ичинде усулдук бирикмелердин жылдык иш пландарынын негизинде предметтик жумалыктар, декадалар же күндөр пландаштырылып, өткөрүлүп келет. Азыр сиздерди предметтик жумалыктарды уюштуруу Жобосу менен тааныштырып кетсем:

1. Бул жумалыктарда негизинен предметтер боюнча окуучулардын чыгармачыл эмгектенүүсүнө, кызыкчылыктарын арттырууга багытталган иш чаралар өтүлөт. Мугалимдер дагы чеберчиликтерин өстүрүү, тажрыйба алмашуу максатында ачык саат, сабактан тышкары бир катар иш чаралар менен бөлүшүшөт.
2. Жумалыктарды өткөрүү тартиби- жылдык иш пландын негизинде, өткөрүү мөөнөтүнөн эки жума мурда бекитилет.
3. Жумалыкты уюштуруучулары болуп предметтик мугалимдер саналат.
4. Катышуучулары болуп ошол предмет окутулган бардык окуучулар катыша алат.
5. Предметтик жумалыктын иш планы жана жыйынтыгы атайын тактайчага чыгарылат.
6. Предметтик жумалыкка активдүү катышкан окуучулар жана мыкты сабактар, иштер мактоо баракчаларына көрсөтүлөт.

6. Предметтик жумалыкка  активдүү катышкан окуучулар жана мыкты сабактар, иштер мактоо баракчаларына көрсөтүлөт.
7. Предметтик жумалыктын жыйынтыгы боюнча усулдук бирикме тарабынан анализденип, протокол жазылат.
8. Жумалыктын жыйынтыгы боюнча отчет жазылып мектептин илимий иштер боюнча диретордун орун басарына тапшырылат.

Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.

**Жогорудагы маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат:**

5.1 Мектептеги усулдук бирикмелер предметтик жумалык өткөрүүдө ушул Жобону колдонууга алышсын.

5.2 Жобо тууралуу маалыматтар УБ папкаларына салынсын.

**Мектеп директору:** **Д.Т.Сарытаева**

Кадырова Н. Т.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 14 буйруктан көчүрмө**

22.11.2021-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Мектепте предметтик жумалыкты уюштуруу жөнүндөгү Жобо менен тааныштуруу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021- жылдын 15- ноябрындагы №2 педагогикалык кеңешинин 5- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектепте предметтик жумалыкты уюштуруу жөнүндөгү Жобо менен бардык предметтик мугалимдер тааныштырылып, жумалыктарды өтүү Жобонун негизинде түзүлсүн.
2. Предметтик усулдук бирикме жетекчилери тарабынан Жобо материалдары ар бир УБ папкалырында сактоо камсыздалсын.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы А,Д.Эгембердиевага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.